DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



*Зикирова Г.А., Мамасадыкова К.Т., Таштемирова А.А.*

# БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ТҮРДҮҮ МАМИЛЕЛЕРДИН КОНТЕКСТИНДЕ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК МАМИЛЕНИН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Зикирова Г.А., Мамасадыкова К.Т., Таштемирова А.А.*

# МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ КОМПЕТЕНТНОСТНОГО ПОДХОДА В КОНТЕКСТЕ РАЗЛИЧНЫХ ПОДХОДОВ В ОБРАЗОВАНИИ

*G. Zikirova, K. Mamasadykova, A. Tashtemirova*

# METHODOLOGICAL FOUNDATIONS OF THE COMPETENCE APPROACH IN THE CONTEXT OF VARIOUS APPROACHES IN EDUCATION

*УДК: 37.373.6:51*

*Бул макалада билим берүү компетенциялары билим берүүгө инсандык мамиле менен шартталган, белгилүү бир кыймылдарды аткаруу процессинде гана көрүнүшөт жана текшерилишет. Компетенттүүлүк – бул инсандын сапаттарынын калыптанып калган жыйындысы. Башкача айтканда компетенттүү адис – бул керектүү билимдерге, билгичтиктерге жана тажрыйбага ээ болгон адам, ал эми компетенттүүлүк – компетенциялардын ушул керектүү топтомуна ээлик кылган инсандын мүнөздүк белгиси. Компетенттүүлүктүк билим берүүнүн мазмунундагы жалпыны жана жекечени ажыратуу үчүн «компетенция» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн пайдаланышат. Компетенция предметтердин же процесстердин белгилүү бир чөйрөсүнө карата берилген жана аларга карата сапатуу жана өндүрүмдүү аракет кылуу үчүн зарыл болгон инсандын өз ара байланышкан сапаттарынын жыйындысы катары түшүнүлөт. Компетенттүүлүк адамдын компетенцияга жана ишмердүүлүк предметине карата инсандык мамилесин камтыган тиешелүү компетенцияга ээ болуусу менен аныкталат. Мына ошентип, компетенциялар билим берүү процессинин максаттары катары, ал эми компетенттүүлүк – адистин инсандык сапаттарынын натыйжасы, жыйындысы катары көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:** компетенция, компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, билгичтик, көндүм, негизги компетенциялар, маалыматтык, конкреттүү.*

*В этой статье рассматриваются и проверяются образовательные компетенции, обусловленные личностным подходом к обучению, только в процессе выполнения определенных действий. Компетентность – это сформированный набор качеств личности. Другими словами, компетентный профессионал – это человек, обладающий необходимыми знаниями, навыками и опытом, тогда как компетентность является характеристикой личности, обладающей этим необходимым набором компетенций. Компетентность используют понятия «компетенция» и «компетентность", чтобы различать общее и индивидуальное в содержании образования. Под компетенцией понимается совокупность взаимосвязанных качеств личности, присущих определенной области предметов или процессов и необходимых для качественного и продуктивного действия по отношению к ним. Компетентность определяется тем, что человек обладает соответствующей компетенцией, которая предполагает его личностное отношение к компетенции и предмету деятельности. Таким образом, компетенции представлены как цели образовательного процесса, а компетентность – как результат, совокупность личностных качеств специалиста.*

***Ключевые слова:** компетенция, компетентность, деятельность, компетентность, навыки, ключевые компетенции, информационные, конкретные.*

*This article examines and verifies educational competencies conditioned by a personal approach to learning, only in the process of performing certain actions. Competence is a formed set of personality qualities. In other words, a competent professional is a person with the necessary knowledge, skills and experience, whereas competence is a characteristic of a person with this necessary set of competencies. Competence The concepts of "competence" and "competence" are used to distinguish between general and individual in the content of education. Competence is understood as a set of interrelated personality qualities inherent in a certain area of objects or processes and necessary for qualitative and productive action in relation to them. Competence is determined by the fact that a person has the appropriate competence, which presupposes his personal attitude to competence and the subject of activity. Thus, competencies are presented as the goals of the educational process, and competence is presented as a result, a set of personal qualities of a specialist.*

***Key words**: competence, competence, activity, competence, skills, key competencies, informational, specific.*

Азыркы заманбап социологияда компетенттүүлүк кесипкөйлөштүрүүнүн атрибуту катары каралат. Компетенттүүлүк көпчүлүк эмгектерде өз ишин, аткарылып жаткан жумуштун маңызын, татаал байланыштардын, көрүнүштөрдүн жана процесстердин, белгиленип коюлган ыкмаларга жетүүнүн мүмкүн болгон жолдорун жана каражаттарын ийне-жибине чейин билүү катары аныкталат жана көпчүлүк даражада компетенттүүлүк түшүнүгүнүн мазмуну «кесиптик компетенттүүлүк» түшүнүгү катары өнүгөт. Компетенцияларды өздөштүрүүнүн эң эле өркүндөтүлгөн деңгээли болуп чыгармачылык деңгээл эсептелет, анын негизинде жүрүшүндө жаңы пикир курулган студенттин ой жүгүртүүнү аткара билүү жөндөмдүүлүгү турат. Мында анализге, синтезге, маалыматты баалоого болгон жөндөмдүүлүктөр талап кылынат. Практика жүзүндө бул жогорку татаалдыктагы маселелерди чечүүдө, илимий ишти аткарууда, олимпиадаларда жана конференцияларда ж.б. катышууда жүзөгө ашат. Окутуучунун жетекчилиги алдында же өз алдынча студент электрондук ресурстун илимий компонентин пайдалана алат.

Студенттин кесиптик математикалык компе-тенцияларынын калыптануу деңгээли ар бир түзүүчү бөлүктү өздөштүрүү деңгээлин баалоонун негизинде эсептелет. Мында зарыл жана жетиштүү шарттардын

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



болуусу жөнүндөгү математикалык ырастоо менен аналогияны орнотуу мүмкүндүгү бар.

Ошентип, ырастоо мүмкүн: компетенциялар – компетенттүүлөргө!

**Тыянактар:**

1. Компетенттүүлүк түшүнүгүн интериоризацияланган жыйынды, системаны, адамдын кандайдыр «билимдик» багажы катары жана компетенцияларды ишмердүүлүк, ыйгарым укуктуулук катары так ажыратуу максатка ылайыктуу деп саналат.

2. Компетенттүүлүктү интегралдык, жалпылоочу түшүнүк катары кароо жана «компетенттүүлүктөр» көпчүлүк формасын пайдаланбоо.

3. «Негизги компетенттүүлүктөр» терминин «компетенттүүлүктүн негизги (базалык) өңүттөрү» терминине алмаштыруу.

4. Билим берүүгө компетенттүүлүк мамиле компетенттүүлүк парадигманы жүзөгө ашырат жана билим берүү процессинин натыйжасы катары мамлекет тарабынан жарыяланган инсандын кесиптик компетенттүүлүгүнүн аларсыз заманбап адамдын интеллектуалдык, коомдук-саясий, маалыматтык жана башка чөйрөлөрдөгү ишмердүүлүгү мүмкүн болбогон негизги өңүттөрүн талап кылат.

5. Компетенттүүлүк парадигмасы билим берүүнүн практикалык багытын жана инструменталдык багыттуулугун күчөтүүгө максатталган.

6. «Негизги компетенциялар» түшүнүгүн алистин кесиптик ишмердүүлүгүнүн башкы өңүттөрү боюнча ыйгарым укуктарынын жыйындысы катары түшүндүрүү.

7. Компетенциалдык мамиле – инсандын коомдук-мамлекеттик статусун аныктоого, баалоого мүмкүндүк берген мамиле.

Билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиле окутуунун жаңы стратегияларын тандоону билдирет жана билим берүү процессинин, мазмундун жана натыйжанын тыгыз байланышын аңдап түшүнүүнү жана жүзөгө ашырууну талап кылат. Компетенциялар – аракеттин кесиптик ишмердүүлүктү өндүрүмдүү аткарууну камсыз кылган жалпыланган ыкмалары. Бул адамдын өз компетенттүүлүгүн практикада жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү. Компетенциялар кеңири мааниде жөндөмдүүлүккө, билгичтикке, мүмкүнчүлүктөргө, көндүмдөргө жана түшүнүүгө таандык. Компетенттүү адам – бул белгилүү бир чөйрөдө жетишээрлик көндүмдөргө, билимдерге жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон адам. Компетенция процедуралык, баалуулук-маанилик жана декларативдик билимдердин бири бири менен өз ара аракеттенишкен, ишмердүүлүгүндө компетенцияны алып жүрүүчү туш болгон чыныгы турмуштук маанилүү проблемалардын пайда болуусу менен актуалдашкан жана байытылган компоненттерди (тааным менен байланышкан, инсандык жана социалдык) камтыганачык системасын билдирет. Компетенттүүлүк – кырдаалдык категория, анткени ал кандайдыр бир ишмердүүлүктү конкреттүү кесиптик (проблемалык) кырдаалдарда ишке ашырууга даяр болуу менен берилет. Компетенттүүлүк адамдын (адистин) өзүнүн адамдык потенциалын кесиптик ишмердүүлүгү үчүн жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт. Компетенттүүлүк деп инсандын сапаттарынын интеграцияланган мүнөздөмөсү, белгилүү бир чөйрөлөрдө (компетенцияларда) ишмердүүлүктү аткаруу үчүн жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүсүн даярдоонун натыйжасы түшүнүлөт. Билим берүү компетенцияларын жүзөгө ашыруу үчүн ишмердүүлүктүн билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана ыкмаларын өнүгүүгө тийиш болгон инсандык сапаттардын блогуна топтоштурушат: 1) когнитивдик (таанымдык) сапаттар – суроолорду бере алуу, көрүнүштөрдүн себептерин таба алуу, өзүнүн суроону түшүнбөгөндүгүн билдире алуу ж.б.; 2) креативдик (чыгармачыл) сапаттар – эргүүчүлүк, карама-каршылыктарга болгон фантазиялар жана сезимталдык; ойлордун, сезимдердин эркиндиги; прогностикалуулук; сынчылдык; өз оюнун болушу ж.б.; 3) уюштуруу ишмердүүлүктүк (методологиялык) сапаттар – окуу ишмердүүлүгүнө болгон жөндөмдүүлүк жана аны түшүндүрө билүү; максат коё билүү жана ага жете билүү; ченем жаратуу жөндөмдүүлүгү; рефлексивдик ойлоо жана өзүн өзү баалоо ж.б.; 4) башка адамдар, курчап турган дүйнөнүн объекттери жана анын маалыматтары менен өз ара аракеттенишүү зарылчылыгы менен шартталган коммуникативдик сапаттар, маалыматты издеп таба, өзгөртө жана өткөрүп бере билүү, топтогу жана коллективдегиар түрдүү социалдык ролдор, телекоммуникациялык технологияларды (электрондук почта, Интернет) пайдалануу; 5) окуучунун эмоционалдык-баалуулук мүнөздөмөлөрүн, анын өзүн таанууга жана өзүн кыймылга келтирүүгө жөндөмдүүлүгүн аныктаган дүйнөгө көз караштык сапаттар; курчап турган дүйнөдө, үй-бүлөдө, коллективде өз ордун жана ролун таба билүү; инсандын улуттук жана жалпы адамзаттык умтулуулары, патриоттук сапаттары ж.б.

Билим берүү компетенциялары билим берүүгө инсандык мамиле менен шартталган, белгилүү бир кыймылдарды аткаруу процессинде гана көрүнүшөт жана текшерилишет. Компетенттүүлүк – бул инсандын сапаттарынын калыптанып калган жыйындысы. Башкача айтканда компетенттүү адис – бул керектүү билимдерге, билгичтиктерге жана тажрыйбага ээ болгон адам, ал эми компетенттүүлүк – компетенциялардын ушул керектүү топтомуна ээлик кылган инсандын мүнөздүк белгиси. Компетенттүүлүктүк билим берүүнүн мазмунундагы жалпыны жана жекечени ажыратуу үчүн «компетенция» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн пайдаланышат. Компетенция предметтердин же процесстердин белгилүү бир

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



чөйрөсүнө карата берилген жана аларга карата сапаттуу жана өндүрүмдүү аракет кылуу үчүн зарыл болгон инсандын өз ара байланышкан сапаттарынын жыйындысы катары түшүнүлөт. Компетенттүүлүк адамдын компетенцияга жана ишмердүүлүк предметине карата инсандык мамилесин камтыган тиешелүү компетенцияга ээ болуусу менен аныкталат [1].

Мына ошентип, компетенциялар билим берүү процессинин максаттары катары, ал эми компетенттүүлүк – адистин инсандык сапаттарынын натыйжасы, жыйындысы катары чыгышат. Компетенттүүлүк мамиле инсандын жана коомдун кызыкчылыктарын өз ара макулдашкан жана эмгек рыногунун талаптарынын озуу трансляциясынын системасын жана социумдун билим берүү мейкиндигине сурамын курууга мүмкүндүк берген адистин өтмө моделин түзүүгө мүмкүндүк берет. Компетенциялардын түшүнүктөрүндө берилген адистин образын тынымсыз корректировкалоо жана ушул коррекцияны критерийлердин системасы аркылуу билим берүү чөйрөсү үчүн максат түрүндө трансляциялоо жолу менен гана билим берүү структурасын туруктуу жаңылануурга жана өзүнчө өнүктүрүлүүгө «үйрөтүүгө» болот. Бул трансляциянын өзү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын системасы аркылуу ишке ашуусу керек. Глобализациянын жана квалификациялык мүнөздөмөлөрдүн өсүп бара жаткан кыймылдуулугунун шарттарында кесиптик көндүмдөр эмес, базалык жана социалдык компетенциялар: инсандын карама-каршылыктуу, көп уюлдуу, дайыма өзгөрүп турган дүйнөдө өз турмуштук жолун өз алдынча түзө билүүсү – биринчи планга чыгаарын адистер айтышууда [2].

Компетенттүүлүктүн жогорку окуу жайларда калыптануусу окутулуп жаткан адамдын төмөнкү деңгээлдер боюнча кыймылдоо процессинде жетишилет: жогорку окуу жайларга чейинки, жогорку окуу жайлардагы жана жогорку окуу жайлардан кийинки. ЖОЖго чейинки деңгээл кийинки кесиптик билим берүү үчүн зарыл болгон баштапкы билимдер, дүйнөгө болгон көз караш жана жүрүм-турумдун белгилүү бир моделдери калыптанган мезгилди билдирет. Бул деңгээлде болмуштун тигил же бул объекттерин таанууга жана өзгөртүүгө багытталган ишмердүүлүктүн эң эле жалпы ыкмаларына ээлик кылуу болуп өтөт. Жогорку окуу жайлардагы деңгээлде жалпы билим берүүнүн базасында адамга эмгектин коомдук керектүү бөлүнүшүнө жана тигил же бул квалификациядагы жана профилдеги кызматкердин бир кыйла эффективдүү жана атаандаштыкка туруштук берүүчү иштөөсүн стимулдаштыруунун рыноктук механизмине ылайык келген кесиптик-эмгектик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрүндө өзүн эң эле толук жана өндүрүмдүү жүзөгө ашырылуусуна мүмкүндүк берген ушундай компетенцияларды калыптандыруу милдети коюлат. Компетенциялардын өнүгүүсүнүн ЖОЖдон кийинки деңгээлинде компетенциялардын жалпы жана кесиптик билим берүүнүн негизинде калыптанган базасына таянуу менен эркин издөөгө өтүү болуп өтөт. Мында инсандын жекече менталитетинин – инсанга уникалдуу кайталангыс касиеттерди берген көз караштардын, баалуулук структуралардын жана жүрүм-турумдук моделдердин туруктуу, терең негиздеринин калыптануусу болуп өтүүсү керек.

Жогорку билимдүү адистин компетенттүүлүгү же кесиптик компетенттүүлүк – бул деген иштин талаптарына ылайык максаттуу аракеттенүү, милдеттерди жана проблемаларды усулдук жактан уюшкан түрдө жана өз алдынча чечүү, ошондой эле өз ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын баалоо даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү. Кесиптик компетенттүүлүк кесиптик билим берүүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Кесиптик компетенттүүлүктүн критерийлери сыпатында адистин эмгегинин натыйжаларынын коомдук маанилүүлүгү, анын кадыр-баркы, билимдердин (ишмердүүлүктүн) конкреттүү тармагындагы социалдык-эмгектик статусу чыгышат. Компетенциялар мүнөздөмөлөрдүн (билимге жана аны колдонууга, көндүмдөргө, милдеттерге жана позицияларга байланыштуу) комбинациясын билдиришет жана адам көрсөтө алган деңгээлди же даражаны сүрөттөп жазуу үчүн пайдаланылат. Бул контекстте компетенция же компетенциялардын топтому адам белгилүү бир жөндөмдүүлүктөрдү же көндүмдөрдү көрсөтө алатжана тапшырманы ал жетишүү деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк бере ала тургандай кылып аткара алат дегенди билдирет. Компетенциялар, мисалы, негизги компетенциялардын: кесиптик, инсандык жана коммуникативдик – жардамы менен көрсөтүлө жана, демек, баалана алышат.

Компетенттүүлүк мамиле окутуунун натыйжаларына багытталат, бул ар бир студент үчүн билим берүү процесси кантип бүрөөрүн аныктоодо чоң тактыкка жетишүүнү билдирет. Маселени мындай коюу басымды окутуучунун ниеттеринен жана милдеттеринен окуп жаткандардын реалдуу жетишкендиктерине өткөрүп жиберет. Окутуунун натыйжалары болуп өздөштүрүлгөн билимдер жана өздөштүрүлгөн компетенциялар эсептелет. Билим берүү ишмердүүлүгүнүн өнүмү – бул компетенциялардын тиешелүү квалификациялык документтер менен бекемделген белгилүү бир деңгээлине ээ болгон адис. Адистин компетенциясын калыптандырган базалык компетенттүүлүктөргө илимдин, техниканын жана коомдун жалпы илимий жана жалпы кесиптик категорияларды, түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, принциптерди жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү камтыгануниверсалдуу билимдердин комплексин киргизсе болот, анын ичинде:

• билимди маалыматтын ар түрдүү булактарынан

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



алуунун ыкмаларын өздөштүрүүгө негизделген өз алдынча таанымдык ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк;

• атуулдук-коомдук ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк (атуулдун, шайлоочунун, керектөөчүнүн ролун аткаруу);

• социалдык-эмгектик ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк (анын ичинде эмгек рыногундагы кырдаалды талдай билүү, өзүнүн жеке кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн баалай билүү, эмгектик өз ара мамилелердин нормаларына жана этикаларына багыттала алуу, өзүн өзү уюштуруу көндүмдөрү);

• турмуштук чөйрөдөгү компетенттүүлүк (өз ден-соолугунун, үй-бүлөлүк турмушунун жана башка өңүттөрдү камтуу менен);

• маданий-эс алуу ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк (инсанды маданий жана руханий жактан байытуучу бош убакытты пайдалануунун жолдорун жана ыкмаларын камтуу менен).

ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнүн компетенциясына болгон талаптар окуп жаткандардын өздөрү, алардын ата-энелери, жумуш берүүчүлөр жана мамлекет тарабынан аныкталат. Адистердин компетенцияларына болгон өз талаптарын мамлекет даярдоонун ар түрдүү адистиктери (багыттары) боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарттары (ГОС) формасында калыптандырат (калыптандыруусу керек). Билим берүү мекемелеринин компетенттүү бүтүрүүчүлөрүн даярдоону камсыз кыла алуу жөндөмдүүлүгүн баалоо, билим берүү мекемесинин тибин жана түрүн аныктоо үчүн ЖОЖдорду жана АООЖжорду мамлекеттик аккредитациялоонун көрсөткүчтөрүнүн системасы пайдаланылат. ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнүн компетенцияларынын калыптануу процесси окутуу процесси менен ассоциацияланат жана окутуунун жана баалоонун ар кандай формаларын комбинациялап колдонууну талап кылат:

• теоретикалык окутуу;

• практикалык окутуу (практикалык жана лабораториялык сабактар, предметтик областтагы практикалык ишмердүүлүк – бардык түрдөгү практикалар);

• илимий жана изилдөөчүлүк ишмердүүлүк;

• өз алдынча иш;

• аралык жана жыйынтыктоочу аттестация.

Ишмердүүлүктүн биринчи төрт түрү окутуунун процессин калыптандырышат жана окуп жаткандардын (студенттердин, аспиранттардын, докторанттардын) компетенцияларды алуусуна багытталган, ал эми аттестациялардын ар кандай түрлөрү алынган компетенцияларды бекемдөөгө багытталышкан. Студенттердин компетенцияларын баалоо үчүн окутуунун ар бир этабында компетенциялардын идентификаторлору жанааларга ылайыктуу квалиметрикалык шкалалар пайдаланылат. Компетенциялардын идентификаторлору сыпатында төмөнкүлөр чыга алышат: билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, ошондой эле инсандык мүнөздөмөлөр (коммуникабелдүүлүк, командада иштей алуу жөндөмдүүлүгү, чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү, билимдерди өз алдынча алуу жана иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү ж.б.). Айтылып өткөндөрдөн окутуунун натыйжаларын баалоонун критерийлерин жалпы критерийлерге студенттердин жогоруда саналып өткөн инсандык мүнөздөмөлөрүн киргизүү менен олуттуу өзгөртүү зарыл экендиги келип чыгат. Кесиптик даярдоо процессинде компетенциянын калыптануусунун ар бир этабында (окуу планындагы окутулуп жаткан ар бир дисциплина үчүн) сапаттын төмөнкүдөй циклин түзүү жана жүзөгө ашыруу керек:

• компетенция моделинин формасында максаттык багыттын калыптануусу;

• ар бир студенттин компетенциясынын кирүү көзөмөлү (учурдагы деңгээлди баалоо);

• окутуунун жекече (топтук) траекторияларын түзүү;

• окутуунун тандалган траекторияларын ар бир студент (окуу процесси) үчүн жүзөгө ашыруу;

• сыноо процессинде (аттестация) компетенциянын деңгээлинин чыгуу көзөмөлү (жетишкендикти баалоо);

• керектөөчүлөрдүн канааттануусун баалоо;

• студенттин компетенциясына, компетенцияны баалоонун максаттарына жана критерийлерине карата, ошондой эле окутуу процессинин программасына жана уюштурулушуна карата корректирлөөчү аракеттердин зарылчылыгын аныктоо жана жүзөгө ашыруу. Сапаттын каралып өткөн циклин иш жүзүнө ашыруу ЖОЖдун сапат системасы менен камсыздалат жана окутуу процессинин натыйжасында мамлекеттик стандарттардын талаптарын, тандалган предметтик чөйрөдөгү квалификациялык талаптарды жана керектөөчүлөрдүн (жумуш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн өздөрүнүн жана алардын ата-энелеринин, мамлекеттин жана бүтүндөй эле коомчулуктун) талаптарын канаатандырган компетенттүү адисти алууга багытталган. Билим берүү сапаты чөйрөсүндөгү белгилүү адистер Н.А. Селезнева жана В.И. Байденко «компетенциялар формасында берилген билим берүүнүн натыйжаларын долбоорлоодон теоретикалык жана эмпирикалык билимдердин көлөмүн, деңгээлин, мазмунун долбоорлоого баруу керек. Компетенцияларды билим берүүнүн мазмунунан үзүп салууга болбойт, ошол эле учурда билим берүүнүн мазмуну аркылуу гана компетенцияларга ээ болууну камсыз кылууга болот деп ишенип калуу да болбойт. Иш тигил же бул компетенциялардын калыптануусу үчүн айрым бир окуу дисциплиналары гана же бүтүндөй билим берүү программасынын мазмуну гана «жооп бере» албаганында [3].

Компетенциялар – бул билим берүү технологияларынын, усулдардын, уюштуруу формаларынын,

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



окуу чөйрөсүнүн ж.б. да натыйжасы. Билим берүүнүн натыйжалары жана компетенциялар квалификация деңгээлинин индикаторлорун түзүү үчүн негиз болуп беришет. Компетенциялар илимий-корректирлөөчү процедуралардын жардамы менен идентификациялашышы керек жана аларды өздөштүрүү баалоонуга тийиш»- деп эсептешет.

Билим берүү компетенциялары жана натыйжалары жаңы муундун билим берүү стандарттарын ишке ашырууда башкы максаттык багыты катары, бүтүрүүчүнүн «моделинин» интеграцияланган башталышы катары каралышат. Бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк моделининөзү, бир жагынан, анын келечектеги ишмердүүлүгүн эмгектин предметтери жана объекттери менен байланыштырган квалификацияны кучагына алса, экинчи жагынан, билим берүү процессинин натыйжаларына каратадисциплиналар аралык талаптарды чагылдырат [4].

Билим берүү компетенциялары түшүнүгүн аныктап алып, аларды компетенциялардын үч деңгээлдүү иерархиясына киргизсе болот: 1) негизги компетенциялар; 2) жалпы предметтик компетенциялар – предметтердин жана билим берүү чөйрөлөрүнүн белгилүү бир чөйрөсүнө тиешелүү; 3) предметтик компетенциялар – мурунку эки компетенцияларга караганда жеке, конкреттүү сүрөттөөгө жана окуу предметтерин калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Европа Совети тарабынан бардык жаш европалыктар ээ болуусу керек болгон беш негизги компетенциялар аныкталган: 1) саясий жана социалдык компетенциялар – өзүнө жоопкерчиликти ала билүү жөндөмдүүлүгү, группалык чечимдерди кабыл алууга катышуу, чыр-чатактарды зомбулуксуз чече билүү, демократиялык институттарды колдоого жана жакшыртууга катышуу; 2) көп маданияттуу коомдогу турмуш менен байланышкан компетенциялар, маданияттар аралык компетенциялар – айырмаларды кабыл алуу, башкаларды урматтоо жана башка маданияттардагы, тилдердеги жана диндердеги адамдар менен жашоо жөндөмдүүлүгү; 3) оозеки жана жазуу коммуникациясына ээ болууга тиешелүү компетенциялар – бирден ашык тил билүү; 4) коомдун маалыматташтырылуусунун өсүүсү менен байланышкан компетенциялар – бул технологияларга ээ болуу, аларды колдонууну, алсыз жана күчтүү жактарын жана массмедиялык каражаттар жана реклама аркылуу жайылтылган маалыматка карата сынчыл пикирлердин ыкмаларын түшүнүү; 5) өмүр бою окуу жөндөмдүүлүгү. Жайылтылган түрдө бул компетенциялар деңгээлдер жана түрлөр боюнча жайлаштырылган.

Социалдык-инсандык, экономикалык жана уюштуруучулук-башкаруучулук, жалпы илимий компетенциялар бүтүрүүчүгө кесиптик эмгектин рыногунда мобилдүүлүктү жана кошумча жана жогорку окуу жайлардан кийинки билим берүү чөйрөсүндө билим алууну улантууга даярдыкты камсыз кылган фундамент болуп кызмат кылат. Атайын компетенциялар (кесиптик багытталган билимдер жана көндүмдөр) даярдыктын объективдүү жана предметтик багытын чагылдырышат жана эмгектин конкреттүү объекттери жана предметтери менен иштөө үчүн керектүү база болуп эсептелишет.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. Профессиональная компетентность – основа качественного педагогического труда [Текст] / И.Б. Бекбоев. - Б.: Фонд Сорос Кыргызстан. 2003. -18 б.
2. Байденко В.И. Компетенции в профессиональном образовании (к освоению компетентностного подхода) Текст. / В.И. Байденко // Высшее образование в России. 2004. - №11. - С. 3-14.
3. Мамбетакунов Э.М. Физика мугалимдеринин кесиптик-технологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу [Текст] / Э.М. Мамбетакунов // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2019. - №5. - С.158-162.
4. Турдубаева К.Т. Формирование профессиональной компетентности будущего учителя математики (по примере дисциплины “Методика преподавания математики”) [Текст]: дисс. ...канд.пед.наук:13.00.02/ К.Т. Турдубаева. - Бишкек, 2013. - 24 с.